## Колдонулган адабияттар:

1. **Белинский, В.Г.** О детской литературе и детском чтении [Текст] / В.Г. Белинский, Н.Г. Чернышевский, Н.А.Добролюбов.- М.: Детская литература издание, 1954. - 64 с.
2. **Мамбектакунов, Э.** Мевлананын сырдуу дүйнөсү [Текст] / Э. Мамбектакунов. – Б.: Шоокум, 2012.- №8. - 77с.
3. **Алимбеков, А.** Желалиддин Руми Мевлананын таалим - тарбия тууралуу көз караштары [Текст] / А. Алимбеков.- Б.: Улуу тоолор, 2020. - 26 с.
4. **Алимбеков, А.** Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы (тарыхы, азыркысы, көйгөйлөрү) [Текст] / А. Алимбеков. – Б.: КББАнын Окуу китеби, 2020. - 38 с.
5. Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан кабыл алынган "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо" боюнча мамлекеттик стандарт. -Бишкек: ЖК Басма сөз кызматы.- №6 - 18046/16, 2020. – Б. 3 - 5.
6. **Собиров, Н.** Патриотизм и идеологическое воспитание [Текст] / Н. Собиров, А. Акбаров // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2011. - № 3,4. – С. 15 – 18.
7. **Сакиева, С.С.** Использование дидактических материалов в обучении кыргызскому языку в начальных классах: практика и инновация писателей [Текст] / С.С. Сакиева, А. Орозбаева // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2018. - №3. – С. 75 – 83 .


*Поступила в редакцию 01.06.2021г.*

**УДК:371.3/378.147.11**

***Бабаева А.Д.***
*доцент Кыргызско – Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова,Кыргызская Республика*
***Токторова А.Э.***
*преп. Бишкекского гуманитарного универ. им. К. Карасаева, Кыргызская Республика*

# СТУДЕНТТЕР УКУКТУК ТАРБИЯНЫН СУБЪЕКТИСИ КАТАРЫ

*Бул макала студенттердин укуктук тарбиясына арналган. Изилдөөнүн предмети катары окуу - тарбия процессинде студенттердин укуктук тарбиясын өнүктүрүүсү каралды. Негизги максаты ЖОЖдун бирдиктүү педагогикалык процессинде студенттердин укуктук тарбиясын өнүктүрүүнүн теориялык негиздерин аныктоо менен педагогикалык шарттарын көрсөтүү. Ал эми макалада изилдөөнүн методдору психологиялык, философиялык жана педагогикалык теориялык жактан иликтөөлөр көрсөтүлдү. Орто кесиптик окуу жайлардын ченемдик укуктук базасын жакшы өздөштүрбөгөндүгү көпчүлүк педагогдор өз ишмердигин жөнгө салуучу жергиликтүү укуктук ченемдик актылар менен тааныш эместиги, өздөрүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана студенттердин кызыкчылыктарын коргоодо укуктук механизмдерди колдоно албастыгы изилдөөдө байкалды.Студенттердин укуктук тарбиясын калыптандыруунун мотивациялык – баалуулук; когнитивдик – педагогикалык; ишмердүүлүк – рефлексиялык; укуктук ан-сезимдик; укуктук маданияттык; укуктук аракет жана жүрүм – турумдук компоненттери аныкталган. Жаңы маалыматтык – коммуникативдик технологияларды колдонуп студенттердин укуктук тарбиясын калыптандырууда атайын укуктук нормативдик багыттагы сайттарды ачуу жана аларга педагогдордун укуктук компетенттүүлүгүнө тиешелүү болгон материалдарды жайгаштырып туруусу авторлор тарабынан сунуш катары берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *студенттер; укуктук тарбия; аң сезим; принциптер; орто кесиптик окуу жайы; билим берүү; окутуучу.*

# СТУДЕНЧЕСТВО КАК СУБЪЕКТ ПРАВОВОГО ВОСПИТАНИЯ

*Данная статья посвящена правовому воспитанию студентов. В статье предметом исследования рассматривается развитие правового воспитания студентов в образовательном процессе. Основная цель – определение теоретических основ развития правового воспитания студентов в едином педагогическом процессе вуза. А также выявлены педагогические условия для формирования правового воспитания. В статье представлены исследовательские методы психологического, философско-педагогического теоретического исследования. В статье проанализировали уровень сформированности правовой воспитанности педагогов общеобразовательных организаций, определено, что педагоги не совсем понимают и осознают значение правовых знаний в качестве средства реализации своих профессиональных обязанностей и личных интересов. Выявлено, что они плохо знают нормативно – правовую базу общеобразовательных учреждений, касающихся правового воспитания. А также определены компоненты формирования правовой компетентности будущих учителей: мотивационно-ценностный; когнитивно-педагогический; деятельностно-рефлексивный; правовой сознательности; правовой-культурный; правовых действий и поведенческий.Авторы рекомендуют создание специальных сайтов по правовому аспекту при формировании правового воспитания студентов с использованием новых информационно-коммуникационных технологий и размещение материалов правового характера.*

***Ключевые слова**: студенты; правовое воспитание; сознание; принципы; среднее профессиональное учебное заведение; образование; преподаватель.*

# STUDENTS AS A SUBJECT OF LEGAL EDUCATION

*This article is devoted to the legal education of students. In the scientific article, the subject of the research is the development of legal education of students in the educational process. The main goal is to determine the theoretical foundations for the development of legal education of students in a single pedagogical process of the university. And also revealed the pedagogical conditions for the formation of legal education. The article presents research methods of psychological, philosophical and pedagogical theoretical research. The article analyzes the level of formation of the legal education of teachers of general educational organizations, it is determined that teachers do not fully understand and realize the importance of legal knowledge as a means of realizing their professional duties and personal interests. It was revealed that they are poorly aware of the regulatory framework of educational institutions related to legal education. And also the components of the formation of the legal competence of future teachers are determined: motivational-value; cognitive pedagogical; activity-reflective; legal awareness; legal and cultural; legal action and behavioral. The authors recommend the creation of special sites on the legal aspect in the formation of the legal education of students using new information and communication technologies and the placement of legal materials.*

***Key words**: students; legal education; consciousness; principles; secondary vocational educational institution; education; teacher.*

Адистик кадрларды даярдоо учурунда укуктук тарбия берүү теориясынын иштелип чыгышы - укуктук билим берүү системасында белгиленген категориянын өзгөчө мааниси менен шартталат.

Студент жаштардын укуктук аң-сезиминин жана укуктук маданиятынын маанилүү элементи болуп саналган системалуу укуктук билимди өздөштүрбөсө, орто кесиптик окуу жайларынын студенттерине укуктук тарбия берүү процессин жүргүзүү мүмкүн эмес.

Орто кесиптик билим берүү системасындагы укуктун окутулушуна изилдөө жүргүзүү – кесиптик билим берүү мекемесиндеги укуктук таалим-тарбия берүү тапшырмасынын жүзөгө ашырылышына терең көз жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берет. Тагыраак айтканда, бул изилдөөбүз болочок адистин кесиптик ишмердигине байланышкан,

колледж үчүн адистик багыт болуп саналган белгилүү көлөмдөгү укуктук билимдин эффективдүү окутулушуна, өздөштүрүлүшүнө байланышкан маселени чечүүгө жол ачат.

Ошон үчүн студенттерде адистештирилген аң-сезимдин калыптандырылышы төмөнкүдөй укуктук дидактикалык маселелердин чечилишин, атап айтканда, топтоону жана өздөштүрүүнү талап кылат:

- укуктук жалпы принциптер жана мамлекет, коомдогу инсандын укуктук жоболору, адамдын жана жарандардын конституциялык укугу жана милдеттери боюнча негизги билим;
- студенттердин келечектеги ишмердигине түздөн-түз байланышкан башка тармактардагы укук жана мыйзам ченемдери боюнча түшүнүк;
- юридикалык билимди, жөндөм-шыкты практикада, анын ичинде ишкердик чөйрөсүндө, салык салууда ж.б. пайдалануу.

Белгиленген укуктук билим берүүнүн жүзөгө ашырылышы Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн укуктук реформа концепциясы менен тыгыз байланышта жүрүп, төмөнкү маселелерге тиешелүү усулдук иштелмелердин даярдалышын талап кылат:

- “укуктук билим берүү”, “нравалык-укуктук маданият” түшүнүгүн иштеп чыгуу жана
- орто кесиптик окуу жайларына укуктук таалим-тарбия процессине ылайык теориялык анализ жүргүзүү;
- колледждеги укуктук таалим-тарбия берүү чегинде, бүтүндөй укуктук тарбия берүү системасында укуктук билим берүүнүн ордун аныктоо;
- укуктук билим берүү процессинде адистештирилген укуктук материалдарды тандоо принциптерин жана критерийлерин иштеп чыгуу;
- болочок адистерге укуктук билим берүүнүн оптималдуу курамдык мазмунун аныктоо.

Кесиптик орто окуу жайларында укуктук билим берүүнүн маңызына жүргүзүлгөн анализ – анын кандай социалдык системанын бөлүгүнө кире тургандыгына көз каранды. Ошондой болсо да, укуктук билим берүү – бүтүндөй укуктук таалим-тарбия берүү системасынын маанилүү элементи. Ал өзүнө ылайык бул системанын өзгөчөлүгүн жана маңызын тандап алат. Укуктук таалим-тарбия берүү процессинин өзү - максатына жана тапшырмасына негизделип, укуктук билим берүүнүн маанисин, маңызын, ролун аныктайт. Ошентип, өзүнүн бөлүктөрүнүн бирдигин, бүтүндүгүн, алардын маңызын, мазмунун, формаларын, функционалдык милдеттерин жана бүтүндөй системадагы ролун, ошондой эле алардын биргелешкен аракеттерин камтыйт [1, с. 56].

Экинчи тарабынан, укуктук билим берүү өзүнүн адистик белгилерине таандык индивидуалдуулукка, обочолукка ээ. Ошол эле учурда бул процесс кандай социалдык шартта, кандай деңгээлде уюштурулуп, жүзөгө ашырылгандыгы маанилүү.

Бул процесске, айрыкча, атайын жана өзгөчө тапшырмага ээ болгон орто кесиптик билим берүү системасындагы окуу кошулат.

Кесиптик колледждерде укуктук билим берүү түшүнүгүнө теориялык анализ берүү жана аны иштеп чыгуу - бул процессти, жалпы укуктук таалим-тарбия берүү системасындагы анын ордун карап чыгып, анын маңызын, маанисин ачып көрсөтүү зарылдыгын белгилейт. Мына ушунун өзү колледждеги укуктук билим берүү түшүнүгүнө педагогикалык атайын иштелме үчүн негиз болуп берет.

Укуктук билим берүү илимий адабияттарда укуктук таалим-тарбиянын каражаты, формасы катары белгиленет. Укуктук таалим-тарбияга болгон карым-катышы боюнча

бүтүндөй укуктук билим берүү конкреттүү бир тапшырманын аткарылышына жетишүүдөгү ыкма (каражат), укуктук таалим-тарбия ишинин багыттарынын бири катары эсептелет.

Жаштарга укуктук таалим-тарбия берүүнүн негизги багыттарынын бири болуп – колледж студенттерине укуктук билим берүү болуп саналат. Себеби, ансыз болочок адистердин укуктук аң-сезимин, укуктук маданиятын калыптандыруу мүмкүн эмес. Ошондуктан, бул максатка жетишүүнүн негизи болуп укуктук билим, анын калыптанышы, туура тандоосу жана жүзөгө ашыруу саналат. Ошондон улам бүтүндөй укуктук билим берүү аспектиси өзү менен студент жаштарга укуктук тарбия берүүнүн негизги багыттарын аткарууда чыныгы каражаттарды (ыкмалар, баштапкы уюштуруучулук) алып чыгат.

Башка тарабынан алып караганда, бүтүндөй укуктук таалим –тарбияга салыштыруусуз каралганда, жалпы сапаттык-мазмундук аспектидеги маселе келип чыгат. Андай учурда укуктук билим берүү укуктук таалим-тарбиянын формасына кошулат. Мунун өзү белгилүү деңгээлде колледждин студенттеринин укуктук таалим-тарбиясына кошулат. Окуу процесси жүргүзүлгөн жердин башкы социалдык функциясы - материалдардын теориялык мазмунун ачып берүү болгондуктан, анын тандалышы белгилүү бир процессте көрүнүп, орто кесиптик билим берүү системасынын укуктук билим берүү чөйрөсүнө кошулат. Бул жерде укуктук билим берүү кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү укуктук таалим-тарбия процессинин ыкмаларынын мазмундук сырткы көрүнүшүн чагылдырып турат.

Педагогикалык адабияттарда укуктук таалим-тарбия түшүнүгүн керек болгон жүрүм-турумга, ага жараша тарбиялануучулардын жардамында аткарылган иш чара катары түшүнүү кабыл алынган; же коомдук эмес уюмдарда мамлекеттик ишмердиктин ар кандай түрлөрүнүн уюштурулушу, болбосо жарандарга укутук тарбия берүү боюнча өткөрүлгөн конкреттүү иш чараны сырткы көрүнүшүн чагылдыруусу эсептелинген. Андан башка укуктук талим-тарбия ишинин сырттан чагылдыруу жөндөмү катары кабыл алынган. Ошону менен катар эле укуктук таалим-тарбия формасын укуктук таалим-тарбия ишмердигин чагылдырган конкреттүү бир иш чара катары кабыл алуу сунушталган .

Жогоруда белгиленген көз караштарды жалпылаштырып, укуктук билим берүү укуктук таалим-тарбиянын формасы катары – теориялык укуктук материалдардын таалим-тарбия объектисине ачып берүүнү уюштуруунун жана анын сырткы көрүнүшүн чагылдыруунун ыкмалары деген жыйынтыкка келүүгө болот. Орто кесиптик окуу жайларынын системасындагы өзүнө таандык айырмачылык аспектилери төмөнкүлөрдө байкалат:

- өнүктүрүү, теориялык-таанып билүү, жеке-багыттагы өзгөчө функциялардын аткарылышында;
- уюштуруунун, максат коюунун, пландаштыруунун (программалаштыруу), системалуулугунун жогорку деңгээлинде;
- укуктук окуу материалдарыначып берүү максатында лекция, семинардык сабак, консультация, тандоо боюнча окутуу, факультативдик, атайын курстар, окуудан тышкаркы иштер сыяктуу укуктук билим берүүнүн өзгөчө, адистештирилген формаларынын колдонулушу;

- билим берүүнүн максатка ылайык окутуу жана үйрөтүү жолу менен эки тараптуу аракеттердин байланышы. Бул жерде катышуучулардын – окутуп үйрөтүүчү жана студент болуп бөлүнгөн эки түрү бар. Мындай окуу процессиндеги биринчи тарап теориялык материалдарды тандоо, иштеп чыгуу жана түшүндүрүү, материалдарды өздөштүрүүнү уюштуруу, таалим-тарбия объектисине таасир бере турган оптималдуу ыкмаларды издеп табуу жана пайдалануу ишмердигинин мүнөзүн алып жүрөт. Ал эми экинчи тарап бул учурга чейин калыптандырылган тажырыйбаларды комплекстүү билим жолу менен пайдалануу, кайра баштан иштеп чыгуу, аларды өздөштүрүү, түшүнүү, таанып билүү ишмердигин алып барат.

Адистик илимий адабияттарда бул аспектилерди пайдаланып, С.С. Алексеев, Л.М. Лазарев укуктук билим берүү түшүнүгүн окутуучу менен окуучунун биргелешкен =ишмердиги, бул учурда укуктук билимге, шык-жөндөмгө, мүмкүнчүлүктөргө пландуу түрдө ээ болуу жүрүп, аларды туура пайдаланууга жетишет деген тыянак чыгарышат [2-3, с. 140-200].

Бул аныктаманы колледждеги укуктук билим берүү түшүнүгүн иштеп чыгуу багытындагы усулдук негиз катары караганга болот. Бул жерде эки элементтик объектиден турган кесиптик билим берүүнүн адистештирилиши жана орто звенодогу адистердин укуктук даярдыгынын татаалдаштырылышы – кошумча аспект болуп саналат. Тагыраак айтканда, колледждин студенттери мында өзүнүн жарандык укугун жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон теориялык укуктук билимди алышат. Ушул жерден укуктук билим берүү түшүнүгү жалпы аспектини кандай камтыган болсо, адистик (профессионалдык) аспектини да ошондой эле кучагына алат.

Укуктук аспектиде каралып жаткан окуу процесси - негизинде болочок адистин укуктук аң-сезими жана укуктук маданияты камтылган теориялык-укуктук пайдубалдын системалуу калыптандырылышына кошулат да, алардын кесиптик ишмердигине, реалдуу жүрүм-турумуна идеялык-теориялык жактан тааасир берүү күчүнө ээ болот.

Таалим-тарбия процессинен укуктук билим берүүнүн бөлүнүшү М.М. Галимовдун көз карашында, шарттуу түрдө гана бөлүнөт. Алардын пикири боюнча, укуктук билим берүүдө кандай гана педагог болбосун, студенттеринин таалим-тарбиясына таасир берип турат. Башкача айтканда, окуу процесси укуктук жактан тарбия берүүнүн негизи белгилерин алып жүрөт [4, с. 198].

Ошентип, колледждеги укуктук билим берүү – студенттерге адистик билим берип, болочок адистер ээ болгон билимин реалдуу жүрүш-турушунда эле эмес, кесиптик ишмердигинде да пайдалана билүүгө мүмкүнчүлүктөрүн, шык-жөндөмдөрүн калыптандырган таанып билүү ишмердиги болуп саналат.

Укуктук билим берүү түшүнүгү орто кесиптик билим берүү системасында жүргүзүлгөн бул процесстин элементтерин жана мазмунун аныктоого жол ачат.

Дидактикалык көнүгүнүн тарыхы окутуунун максаты боюнча төмөнкүдөй эки көз карашка ээ:

1) ”формалдуу билим берүү”, тагыраак айтканда, инсандын ой жүгүртүүсүн, эс-тутумун жана башка жөндөмдөрүн өнүктүрүү;

2) ”материалдык билим берүү” – бул илим негизин өздөштүрүү, турмушта керек болгон конкреттүү билимди калыптандыруу.

Колледжде укуктук билим берүү максатын иштеп чыгуу студенттердин укуктук тарбиясынын таанып билүү чөйрөсүндө кошулган теориялык жана практикалык эки мамилени тең кучагына алышы мүмкүн. Таанып билүү тайпасындагы окуу максатынын тизмесин берүү үчүн бул билимди калыптандыруу процессинин негизине камтылган атайын тандалган укуктук материалдар тууралуу айтылганын эсте тутуу зарыл.

Укуктук билим берүү студент жаштардын укуктук билимин калыптандыруунун жалпы максатындагы укуктук таалим-тарбиянын элементи болуп саналып, алардын укуктук аң-сезиминин, укуктук маданиятынын теориялык негизи жана компоненти катары:

- укук жөнүндөгү системалаштырылган билимдин зарыл болгон деңгээлинин, аны пайдалануу процессинде укуктук айкындын камсыздалышына;

- укуктук кызыкчылыктардын, укуктук ой жүгүртүүлөрдүн, түшүнүктөрдүн, укуктук сезимдин, таанып билүү жана практикалык мүмкүнчүлүктүн өнүгүшүнө;

- илимий укуктук көз караштардын, ага байланыштуу ар түрдүү сапаттардын – нравалык, эстетикалык ж.б.у.с. калыптанышына;

- укуктук жактан өз алдынча билимин өркүндөтүүгө, укуктук билимди пайдаланыуудагы суроо талапты, мүмкүнчүлүктү, аларды теориялык жана нормативдик булактардан издөө жөндөмүнүн калыптанышына негиз болот.

Колледжде укуктук билим берүүнүн жалпы максатынын чегинде таанып билүү чөйрөсүнүн төмөнкүдөй тапшырмалары бөлүнүп каралат: а) укук жана мамлекет теориясы, анын ичинде укуктук билим; б) укукту түшүнүү, тагыраак айтканда, ар кандай укуктук көрүнуштөрдүн ортосундагы байланыштардын түшүндүрүлүшү, укуктагы себептерди тактоо процесси; в) укуктук түшүнүктөрдүн жана принциптердин, укуктук нормалардын конкреттүү кырдаалдарга карата кесиптик ишмердикте пайдаланылышы; г) укуктук анализдин жана синтездин жүргүзүлүшү, анын чегинде жоромол-божомол жүргүзүү жөндөмү, укуктук көрүнүштөн маанилүү белгилердин бөлүнүшү, укуктук талкуунун логикасы, укуктук зарыл болгон материалдардын кошулушу ж.б. [5, с. 237].

Ошентип, укуктук билимдин мааниси төмөндөгүлөрдөн байкалат:

- биринчиден, укуктук билим- илимдин булактары, аны мүнөзү, укуктун функциясы тууралуу түшүнүктү иштеп чыгып, болочок адистин укуктук баалуулуктарга, жеке укуктук жүрүм-турумуна рационалдуу мамилесинин калыптанышына таасирин тийгизет; ошол эле учурда алардын маанисин, маңызын, мазмунун ачып көрсөтүп, жаштардын белгилүү деңгээлде укуктук ой жүгүртүүсүнүн иштелип чыгышына, логикалык түшүнүктүн калыптанышына негиз болот;

- экинчиден, укуктук билим - укуктук баалуулуктарды жана принциптерди таанып билүүгө шарт түзүү менен эле чектелбей, жаштардын белгилүү деңгээлде укуктук ой жүгүртүүсүнүн иштелип чыгышына, логикалык түшүнүк аппаратынын калыптанышына негиз боло турган алардын маанисин, маңызын, мазмунун ачып көрсөтөт.

- үчүнчүдөн, укуктук билим – бул инсандын укуктук жүрүм-турум негизи, анын социалдык укуктук активдүүлүгү, ар бир жаш адистин социалдык-укуктук, анын ичинде кесиптик чөйрөсүндөгү айкын багыты [6, с. 46].

Кесиптик билим берүү окуу жайларында студенттердин өз алдынча иштеринин окуудан сырткары формасын уюштуруу кыйла татаалдыкка ээ. Тагыраак айтканда, мында

студенттердин ага карата атайын даярдыгы талап кылынат. Ал төмөнкүлөрдү кучагына алат [7, с. 92]:

*а*) окуу материалынын ал же бул бөлүгүнүн өз алдынча таанып билүү үчүн бөлүнүшү;

*б*) атайын адабияттардын иштелип чыгышы;

*в*) студенттер үчүн тема жана тапшырма- казустарды пайдалануу боюнча багыттама берген атайын усулдук көрсөтмөнүн түзүлүшү.

Мында студенттердин өз алдынча иштердин маанисин туура түшүнүшү, өз алдынча керектүү материалдарды издөөнүн, өздөштүргөн билимдин негизинде чыгармачылык ой жүгүртүүнүн эффективдүү жолдорун таба билиши, өз алдынча билимин өркүндөтүүгө аракет кылышы зарыл [8, с. 112]. Болочок адис үчүн өз алдынча таанып билүү ишин сабаттуу түзүү жөндөмү - мындан нары өз алдынча иштерди, андан нары практикалык ишмердикти өздөрү уюштурууга мүмкүнчүлүгүн көрсөткөн кесиптик маанилүү белгилерди түзөт [9, с. 106].

Орто кесиптик окуу жайында укук негизин окутуу боюнча бүтүрүүчүнүн болочок кесиби менен байланышта жүргүзүлүшү шарт. Мындагы негизги тапшырма студент ээ боло турган эң аз билимдин зарылдыгынын келечекте иштей турган адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен ага карата жетиштүү даярдыгынын оптималдуу дал келишин табууда турат.

## Жыйынтыктар:

1.Орто кесиптик окуу жайлардын ченемдик укуктук базасын жакшы өздөштүрбөгөндүгү көпчүлүк педагогдор өз мектебинин ишмердигин жөнгө салуучу жергиликтүү укуктук ченемдик актылар менен тааныш эместиги, өздөрүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана студенттердин кызыкчылыктарын коргоодо укуктук механизмдерди колдоно албастыгы байкалды. Коллективиндеги мамилелер, укукту максаттуу өздөштүрүүгө жана активдүү колдонууга кызыкпагандыгы аныкталды;

2. Студенттердин укуктук тарбиясын калыптандыруунун мотивациялык – баалуулук; когнитивдик – педагогикалык; ишмердүүлүк – рефлексиялык; укуктук ан-сезимдик; укуктук маданияттык; укуктук аракет жана жүрүм – турумдук компоненттери аныкталды;

3. Жаңы маалыматтык – коммуникативдик технологияларды колдонуп студенттердин укуктук тарбиясын калыптандырууда атайын укуктук нормативдик багыттагы сайттарды ачуу жана аларга педагогдордун укуктук компетенттүүлүгүнө тиешелүү болгон материалдарды жайгаштырып туруу. Педагогдордун укуктук жактан үзгүлтүксүз билим алуусу үчүн мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстарынын программасына кошумча укуктук мазмундагы модулдарды түзүү сунушталат;

4. Изилдөө ишин улантуу болочок адистерди даярдоодо жогорку окуу жайларында укуктук тарбиясын калыптандырууда, укуктук маданиятын, аң - сезимин жогорулатуу багытында болушу мүмкүн.

## Колдонгон адабияттар:

1. **Бабаева, А.Д.** Укуктук маданият жана анын коомдогу орду [Текст] / А.Д. Бабаева. – Ош: Максимум, 2012. – 64 с.
2. **Алексеев, С.С.** Право на пороге нового тысячелетия [Текст] / С.С. Алексеев. – М.: Высшая школа,

2000. – С.15 - 24.
3. **Лазарев, Л.М.** Психологические аспекты применения права [Текст] / Л.М. Лазарев. - Казань: Мир науки, 1998. – 144 с.
4. **Галимов, М.М.** Управление и законность [Текст] / М.М. Галимов // Вестник ТИСБИ. - Москва, 2002. - №3. – 204 с.
5. **Бабаева, А.Д.** Правове знания и методика их преподавания [Текст] / А.Д. Бабаева // Наука и нове технологии . – Б.: ОАУКР, 2016. – С. 236 - 239.
6. **Бабаева, А.Д.** Роль нравственно-правововоого воспитания в процессе формирования личности студентов колледжа [Текст] / А.Д. Бабаева, А.Э. Токторова // Вестник Саратовского гос. Университета. – Саратов: ФГБОУ ВО СГАП, 2019. - С. 45 - 49.
7. **Акматова, У.Ж.** Современные подходы к проблеме воспитания толерантности в психолого-педагогических исследованиях [Текст] / У.Ж. Акматова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2020. – № 3. - С. 86 – 92.
8. **Кадырова, М.С.** Профессионально педагогическая направленность личности преподавателя [Текст] / М.С. Кадырова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2014. - №3. – С. 111 – 113.
9. **Калматова, Г.М.** Формирование ценностных ореинтаций в образовательном пространстве вуза [Текст] / Г.М. Калматова // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2015. - №1. – С.103-107.

*Поступила в редакцию 8.06.2021г.*

**УДК: 314.7(575.25)**

***Бабаева А.Д.***
*доцент Кыргызско – Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Токторова А.Э.***
*преп. Бишкекского гуманитарного университета им. К. Карасаева*

# ОРТО КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН УКУКТУК ТАРБИЯСЫНЫН АБАЛЫ

*Бул макала студенттердин укуктук тарбиясынын негизги орчундуу маселелерине арналган. Изилдөөнүн предмети катары окуу – тарбия процессинде студенттердин укуктук тарбиялуулугун өнүктүрүүсү каралат. Ал эми методдору болуп укуктук таалим-тарбия маселеси боюнча маалыматтар сурамжылоо, анкеталар, суроолор жана башка диагностикалык материалдар түзүлгөн. Иликтөөнүн максаты бул орто кесиптик окуу жайлардын студенттеринин укуктук тарбиялуулугун өнүктүрүүнүн теориялык негиздерин аныктоосу эсептелинет. Көптөгөн окумуштуулардын эмгектерин иликтегенде, алардын заманбап билим берүүнүн укуктук формаларын өркүндөтүүнүн талаптарына багытталгандыгы аныкталган. Орто кесиптик окуу жайларында окуп жаткан студенттердин укуктук билим деңгээлине жүргүзүлгөн изилдөө – алардын 64 %ы окуу жайындагы укуктун окутулушу - укукту таанып билүүнүн негизги булагы деп эсептей тургандыгын авторлор белгилеген. Ошондой эле массалык маалымат каражаттардан билгендер 69 %, курсташтар менен болгон пикири алышуу жана тандаган кесип боюнча иштеп жаткан тараптар менен болгон карым-катыш дегендер 23 % сурамжылоонун натыйжасында көрсөтүлгөн. Студенттердин укуктук тарбиясын калыптандыруунун учурдагы абалы теориялык жактан талдоого алынып, укуктук жактан даярдоо багытында укуктук маданият, укуктук аң сезим жана билим берүүдөгү укуктук нормативдик документтерди даярдоодо методикалык, окуу усулдук колдонмолорду иштеп чыгуусу сунуш катары белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *студенттер; укуктук тарбия; укуктук билим; сурамжылоо; пикир алышуу; багыт; болочок адистер.*